*Насиров Т.*

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕР ЖАНА ЭЛЧИ

*Насиров Т.*

# ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ – ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ДЕЯТЕЛЬ И ПОСОЛ

*T. Nasirov*

# CHINGIZ AITMATOV - STATESMAN AND AMBASSADOR

*УДК: 82/821.0*

*Макалада даанышман жазуучунун баардык чыгармаларын баштан аяк кунт коюп окуп чыккан адам Төрөкул уулу Чыңгыздын рухий ааламы чебер сөз зергери - тилчи катары да, ченемсиз албан ойчул - философ катары да, адам жанын кылдат иликтей билген - психолог катары да улам жетилүү, улам бийиктөө жолунда болгондугун баамдайт. Ушуну менен бирге эле залкар жазуучунун өмүр баянында айтылган эмгек жана чыгармачылык ишмердигине көңүл бурса дасыккан коомдук, мамлекеттик ишмер жана дипломат экенине ынанат деп айтылган. Ошондой эле Чыңгыз Айтматовдун дүйнөгө аты таанымал белгилүү жазуучу болуусу менен бирге, мамлекеттик бийликтин – мыйзам чыгаруу жана аткаруу (башкаруу) бутактарында үзүрлүү эмгектенгендиги, жаратылышынан тынчтыктын жарчысы болгону чынында эле улуу жазуучубуздун визиттик карточкасы экендиги? ошондой эле элчилик иштердеги калтырган анын жаркын издери баяндалган.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекеттик ишмер, коомдук ишмер, дипломат, мамлекеттик бийлик, көз карандысыздык, мамлекеттик кызмат орду, мамлекеттик кызматчы, жарандык кызматчы.*

*В статье автор внимательно прочитавший от начала до конца все произведения Торокул уулу Чынгыза, рассказывает о нем как о языковеде, безгранично великом философе, психологе, познавшего тонкости души человеческой, анализирует путь совершенствования, поднимавшейся до высот духовную вселенную Мастера слова. В статье подчеркивается, что если обратить внимание на трудовую и творческую деятельность в биографии талантливого писателя, то можно убедиться в его профессионализме, как общественного и государственного деятеля, а также дипломата. Кроме того, в статье говорится, что Чынгыз Айтматов был не только всемирно известным писателем, но он также плодотворно трудился в законодательной и исполнительной ветвях государственной власти, по своей натуре был послом мира, визитной карточкой об этом свидетельствует светлая память о его дипломатической деятельности.*

***Ключевые слова:*** *государственный деятель, общественный деятель, дипломат, государственная власть, независимость, государственная должность, государственный служащий, гражданский служащий.*

*In the article, the author carefully read from the beginning to the end all the works of Torokul uulu Chyngyz, tells about him as a linguist, an infinitely great philosopher, a psychologist who knew the subtleties of the human soul, analyzes the way of improvement, raising to the heights of the spiritual universe of the Master of the word. The article emphasizes that if you pay attention to the work and creative activity in the biography of a talented writer, you can see his Pro-fessionalism as a public and public figure, as well as a diplomat. In addition, the article says that Chyngyz Aitmatov was not only a world-famous writer, but he also worked productively in the legislative and Executive branches of government, by his nature was an Ambassador of peace, the hallmark of this is evidenced by the bright memory of his diplomatic activity.*

***Key words:*** *state sman, public figure, diplomat, state power, independence, public office, public servant, civil servant.*

Кыргызстандын залкар уулу, көркөм адабияттын генийи, дүйнөгө аты таанымал белгилүү жазуучу, коомдук жана мамлекеттик ишмер, дипломат Чыңгыз Төрөкулович Айтматов көзү тирүү болгондо быйыл 90 жашка толмок…

Аттиң! ... Атпай ак калпак Ала-Тоо калкы, алардын ичинде биз дагы адабият алпы атанган азамат уулунун кезектеги маарекесин өзү жок белгилеп жатабыз.

Даанышман жазуучунун ар бир чыгармасынын ажайып касиетин ар тараптан терең талдоого алып айтчу сөз да, анын маңызга толгон максаттуу өмүрүн өрнөктөп баяндачу кеп да, адамдык асыл касиет-сапаттарын санаттап айтчу эскерүүлөр да бүгүн, мындан кийин, бардык мезгилдерде айтыларына толук ишенем. Ошондой эле анын баардык чыгармаларын баштан аяк кунт коюп окуп чыккан адам Төрөкул уулу Чыңгыздын рухий ааламы чебер сөз зергери-тилчи катары да, ченемсиз албан ойчул-философ катары да, адам жанын кылдат иликтей билген-психолог катары да улам жетилүү, улам бийиктөө жолунда болгондугун баамдайт. Ушуну менен бирге эле залкар жазуучунун өмүр баянында айтылган эмгек жана чыгармачылык ишмердигине көңүл бурса дасыккан коомдук, мамлекеттик ишмер жана дипломат экенине ынанат.

Биз юристтер атактуу жазуучунун коомдук жана мамлекеттик ишмер катары айрым бир ачылбай, айтылбай калган жагдайларынан бейнесин түзүүгө аракет жасайлы, андыктан илимге кайрылып көрөлү. Не дегенде, мамлекет жана укук теориясында «мамлекеттик бийлик», «мамлекеттин функциялары», «мамлекеттик жарандык кызмат» ж.б. түшүнүктөр тууралуу айтылган. Бийлик – бул, ар түрдүү формаларда уюшулган, ар кандай ыкмалар (методдор) менен ишке ашкан, ар кыл мамилелердин жана максаттардын тутумун түзгөн татаал, көп кырдуу феномен. Юридикалык адабияттарда айрым авторлор бийликти «ар кандай жамаатка, коомго таандык болгон белгилүү бир функция» деп эсептесе, башкалары – башкаруучулар менен баш ийүүчүлөрдүн ортосундагы эрктик байланыш, кээ бирлери- башкаруучунун өз эркин башкаларга таңуулоо жөндөмдүүлүгү, дагы башкалары – башка адамдардын социалдык анык бир жалпылыгын өз эркине багындыра алуучу уюмдашкан күч катары санашат. Бул айтылгандардан сырткары окумуштуу А.Ф. Черданцев «бийлик деген мажбурлоо менен байланышкан башкарууну, ошондой эле, мамлекетти же анын бийлигин ишке ашыруучу органдарды да түшүндүрөт» деп белгилейт.

Жогоруда келтирилген пикирлерди жалпылап «социалдык бийлик» десек болот, анткени социалдык бийлик- бул, субөектилердин ортосундагы үстөмдүк кылуу жана баш ийүү мамилелери, ал адамдардын ар кандай жалпылыгына таандык жана мажбурлоо күчүнө таянат. Социалдык бийлик адамдардын бирдиктүү, туруктуу жана кандайдыр бир максатка багытталган ар кандай топторунан ажырагыс жашайт. Ал үй-бүлөгө, урууга, коомдук бирикмелерге да, партияга, мамлекетке, жалпы коомго да мүнөздүү.

Демек, мамлекеттик бийлик-социалдык бийликтин өзгөчө түрү, себеби ал, субъектилердин ортосундагы мамлекеттик мажбурлоо күчүнө таянып үстөмдүк кылуу жана баш ийүү менен байланышкан коомдук-саясий мамилелер.

Бийликтин бөлүнүү принцибине карата дүйнөлүк тарыхта мамлекеттик бийлик- мыйзам чыгаруу (укук чыгаруу), аткаруу (башкаруу) жана соттук болгон бутактарга бөлүнөрү белгилүү. Ушул критерий боюнча ала турган болсок анын мамлекеттик ишмер экендигинде шек жок, анткени Чыңгыз Айтматовду мекендештери бир нече жылдар үзгүлтүксүз союздун жана республиканын Жогорку Кеңешине эл өкүлү - депутат кылып шайлашкан. Тагыраак айтканда:

-1966-1989-жылдары Кырг. ССРинен СССР Жогорку Советинин Улуттар Советине депутат, Улуттар Советинин тышкы иштер боюнча комиссиясынын мүчөсү;

-1989-1991 - жылдары СССР эл депутаты болгон.

Ушул мезгилдер аралыгында Конституциялык мыйзамдарды, мыйзамдарды кабыл алуу, эл аралык келишимдерди ратификациялоо, союздук жана республикалык бюджетти бекитүү, алардын аткарылышы тууралуу отчетту угуу ж.б.у.с. социалдык-экономикалык реформаларды жүзөгө ашырууда улуу жазуучунун салымы чоң десек жаңылыштык болбос.

Мурунку союздун жана суверендүү Россия менен Кыргызстандын өлкө жетекчилери залкар сөз чебери жана ири коомдук ишмер катары ой-пикирин өтө маанилүү маселелер боюнча ынтаа коюп, эске алышкан. Бул айтылгандар 1989-1991-жылдары СССР Президенттик кеңешинин мүчөсү жана Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп тургандыгы менен далилденет. Ошондой эле ал СССР Жогорку Советинин мүчөсү болуп турганда 1990- жылы мартта М.С. Горбачевду СССР Президенттигине шайлоо учурунда номиналдык сүйлөө үчүн тандалгандыгы тегин жерден эмес.

Ар кандай мамлекет өзүнүн Конституциясына негизденип «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык, кызмат жөнүндө» Мыйзам кабыл алышат. Мындай мыйзамды кабыл алуу союз учурунда, андан кийинки эгемендүүлүк мезгилдеринде да болуп келгендигин тарых ырастайт. Ушундай Мыйзамдын колдонулушу мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын натыйжалуулугун жогорулатууга, мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында өлкөнүн жарандарынын кесипкөй кызматтык ишинин уланууч улугун, туруктуулугун жана көз карандысыздыгын камсыз кылууга багытталат.

Мында **мамлекеттик кызмат** – өлкөнүн жарандарынын мамлекеттик органдардагы кесиптик кызматтык иши, анткени мамлекеттик кызмат өзүнө мамлекеттик жарандык кызматты, аскердик кызматты, укук коргоо кызматын жана дипломатиялык кызматты камтыйт.

Айтылып жаткан мыйзамда - мамлекеттик органда административдик кызмат ордун ээлеген, кызмат орду боюнча берилген ыйгарым укуктарды ишке ашыруу боюнча кесипкөй кызматтык ишти мамлекеттик бюджеттин каражаттарынан акчалай сыйакы алуу

менен туруктуу негизде жүзөгө ашырган жана аларды аткаруу үчүн жоопкерчилик тарткан өлкөнүн жараны - **мамлекеттик жарандык кызматчы** боло тургандыгы белгиленген.

Ушул өңүттөн алып караганда дүйнөлүк маданияттын залкар өкүлү Чыңгыз Айтматовдун эмгектик жана чыгармачылык жолундагы маалыматтар, анын мамлекеттик органда административдик кызмат ордун ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчы экендиги айгинеленет, б.а. ал төмөндөгү кызматтарды аркалаган:

-1941-1945-жылдары Шекер айылында айылдык Кеңештин катчысы, райфин бөлүмдүн агенти;

-1953-1956-жылдары Кырыз мал чарба илимий – изилдөө институтунун эксперементтик фермасында ага зоотехник (старший зоотехник);

-1958-1960-жылдары «Литературный Киргизстан» журналынын башкы редактору;

-1960-1965-жылдары Кыргыз ССРи боюнча «Правда» гезитинин өз кабарчысы;

-1965-1986-жылдары Кыргызстан Кинематографисттер союзунун биринчи катчысы (төрагасы);

-1976-1990-жылдары СССР жазуучулар Союзу башкармалыгынын катчысы;

-1986-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзу башкармалыгынын биринчи катчысы;

1988-1990- жылдары «Иностранная литература» журналынын башкы редактору.

Андан сырткары, ал Азия жана Африка өлкөлөрү менен тилектештик боюнча Советтик комитеттин жетекчилеринин бири болуу менен дүйнөлүк маданиятты байытуунун талбаган жарчысы болгондугун ким билбейт, аны менен бирге бул багыттагы саамалыктарды дайыма кызуу колдоп, ири иш-чараларды өткөрүүгө жигердүү катышкан.

Мезгилинде Чыңгыз Айтматов өлкөнүн маданият ишмерлеринин ичинен алгачкылардан болуп жекече жана мамлекеттик эгоизмдин кесепетин, кайдыгерлик, ыймансыздык, ач көздүктүн адамзатка алып келүүчү коркунучун алдын ала терең сезген. Ошондуктан ал мурунку союздун жазуучуларынын ичинен биринчи болуп элдердин ортосундагы өз ара түшүнүүчүлүктү чыңдоого жана мамлекеттер аралык курч кырдаалдарды басаңдатууга кызыкдар болушкан дүйнөлүк деңгээлдеги маданий ишмерлердин тилектештик идеясын көтөрүп чыккан. Бул астейдил оймүдөө Кыргыз жергесинде өзү демилгечи жана уюштуруучу болуп өткөргөн «Ысык-Көл форуму» аркылуу жүзөгө ашырылган.

Бүткүл дүйнөлүк гуманисттердин, ойчулдардын ордосуна айланган бул биримдик шеринеси ошол кыйчалыштуу мезгилдеги Чыңгыз Айтматовдун чыныгы акылмандыгынын, даанышмандыгынын таасын үзүрү болгондугу талашсыз. Бул форумга төгөрөктүн төрт бурчунан келген Александр Кинг, Артур Миллер, Питер Устинов, Олвин Тоффлер, Федерико Майор, Клод Симон сыяктуу көрүнүктүү коомдук, маданий ишмерлер, философтор, гуманисттер Төрөкул уулу Чыңгыздын тынчтык, биримдик, адамзатты ар түрдүү алааматтан сактап калыш үчүн жардаган бийик, актуалдуу идеясын чын ыкластан колдошуп, келечекте дайым биргелешип аракеттенүүнү максат кылып коюшкан.

Ошентип аалам алптарын топтоо жана алардын адамзат көйгөйлөрүн айткан жыйынын башкаруу кыргыз уулу Чыңгыздын шыбагасына туш келген. Кептин чынын айтканда Ала-Тоо жергесине бир учурда дүйнөлүк атактуу адамдардын бирдей келиши тарыхта 1986- жылдын 13-17-октябрь күндөрү өткөн «Ысык-Көл форуму» деп аталган иш- чарага чейин да, андан кийин да мынчалык масштабда болгон эмес.

Эгемендик жылдарында, тагыраак айтканда 2006-жылы өзүнүн пикирдеши Устаджалилов Фархад (РФда гуманитардык иштер боюнча Айтматовдун жардамчысы) менен биргеликте Чыңгыз Айтматовдун «Чек арасыз диалог» аттуу Эл аралык кайрымдуулук фондун негиздеген жана өмүрүнүн акырына чейин ал фонддун президенти болгон. Аталган фонддун алкагында «Чек арасыз дүйнө» аттуу долбоор, ошондой эле мурдагы СССРден тараган өлкөлөрдө орус тилин өнүктүрүү жана колдоо программасы иштелип чыккан.

Америкалык жазуучу Артур Миллер «Бул Айтматов абдан кызыктуу, оригиналдуу адам экен» деп айткандай, анын чыгармачылык түйшүгү менен эле катар мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу жана аткаруу (башкаруу) бутактарындагы чымырканган эмгектери, дүйнө элине жасаган иштери Чыңгыз Айтматовдун коомдук жана мамлекеттик ишмер экендигин айгинелеп турат.

Төрөкул уулу Чыңгыздын дүйнөгө кеңири таанымал болгондугу, коомдук жана мамлекеттик көрүнүктүү ишмер, жаратылышынан тынчтыктын жарчы-

сы болгону чынында эле улуу жазуучубуздун визиттик карточкасы болчу. Батыш Европа өлкөлөрүндө Айтматовду жаркын из калтырып кеткен элчи, жазуучу жана инсан катары эскерип жатышкандыгы, анын дипломатиялык ишмердигинин жогорку деңгээлде экендигинен кабар берет. Анткени улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов 1990-1991-жылдары Улуу Герцогдук Люксембургда СССРдин (1992-жылдан баштап РФ) элчиси болгон. Ал эми 1994-2006-жылдарда Бенилюкс өлкөлөрүндө (Бельгия, Люксембург, Нидерландия), Францияда жана НАТО, ЮНЕСКО уюмдарында Кыргызстандын элчилик кызматын аркалаган. Эгемендүүлүк алгандан кийин өлкөнүн тышкы саясатынын максатына жана принциптерине ылайык Кыргыз Республикасы тез арада эле эл аралык аренада колдоого ээ болуп, кеңири таанылды. Республикабыздын мындай тез таанылышына албетте Ч.Айтматовун салымы чоң, анткени ал жер шарынын көпчүлүк өлкөлөрүндө кадырлуу адам болчу.

Кыргызстандын залкар уулу Чыңгыз Айтматовду көркөм адабияттын генийи дегендей эле, белгилүү коомдук жана мамлекеттик ишмер, дипломат деп сыймыктансак жарашат.

**Адабияттар:**


1. СССРдин Конституциясы (Өнүккөн социализмдин Конституциясы). - М., 1977.
2. Кыргыз ССРнин Конституциясы. - Фрунзе, 1978
3. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. - Бишкек, 1993.
4. Айтматова Р. Белые страницы истории. - Бишкек, 2013.
5. Акматалиев А. (түзүүчү). Чыңгыз Айтматов 8 томдон турган чыгармаларынын жыйнагы. - Бишкек, 2008.
6. Ибраимов О. Чингиз Айтматов. Жизнь замечательных людей. - М., 2018.
7. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). - Бишкек, 2007.
8. Хропанюк В.Н. Теория государства и права. - М., 2000.
9. https://www.azattyk.org/a/Kyrgyzstan_Aitmatov_Culture/2097581.html


**Рецензент: к.и.н., доцент Акматова А.Т.**